**<u>Коммерциялык банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер</u>**

Банктык кызмат көрсөтүүлөргө карата тарифтер валюталардын түрлөрү (улуттук же чет өлкө валюталары) боюнча төмөнкүлөр үчүн белгиленген:

- жеке ишкерлердин (юридикалык жактардын) корпоративдик кардарлары үчүн;
- жеке кардарлар (жеке адамдар) үчүн.

2016-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча маалымат 25 коммерциялык банк тарабынан сунушталган, анын ичинде отчеттук мезгил ичинде банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштап баштаган «Банк Компаньон»[1] ЖАК жана ИБ «Чанг Ан Банк» ААКсы да бар.

Ошондой эле отчеттук мезгил ичинде «КыргызКредитБанк» ААКсы «Евразиялык Аманат Банкы» ААКсы болуп мамлекеттик кайра каттоодон өткөн.

Бүтүндөй алганда, 2016-жылдын 1-чейреги ичинде өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу тарифтер боюнча олуттуу өзгөрүүлөр байкалган эмес.

- **Эсептешүү-кассалык тейлөө**

Отчеттук мезгил ичинде жеке адамдар үчүн *<u>эсептешүү эсеби</u>* сегиз банктан тышкары, башка коммерциялык банктарда *<u>акысыз</u>* ачылган, аларда мындай кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы төмөнкүдөй:

1) «Оптима Банк» ААКсы – 100-200 сомго чейин (чет өлкө валютасында 100-200 АКШ долларына чейин);
2) «Банк Бакай» ААКсы - 100 сом;
3) «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАК – 0 - 250 сомго чейин;
4) «Росинбанк» ААКсы - 100 сом;
5) «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК - 100 сом;
6) «РСК Банк» ААКсы – 0-300 сомго чейин (чет өлкө валютасында);
7) «ФинансКредитбанк» ААКсы – 100 сом;
8) «Кыргыз-Швейцариялык Банк» ЖАК – 0-500 сомго чейин.

*Юридикалык жактар үчүн* төмөнкү банктар белгилүү бир тарифтерди белгилеген:

1) «Оптима Банк» ААКсы – 100 сомдон 10000 АКШ долларына чейин (Бишкек шаары, региондор боюнча мультивалюталык эсепти ачуу акысы – 100 сом);
2) «Азия Банкы» ЖАК – 0дөн 1000 сомго чейин (чет өлкө валютасында);
3) «Бакай Банк» ААКсы – 200 сом;
4) «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАК – 0дөн 500 сомго чейин;
5) «Росинбанк» ААКсы – 100 сом;
6) «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы – 100 сомдон 200 сомго чейин (чет өлкө валютасында 100 сомдон 300 сомго чейин);
7) «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК – 100 сом;
8) «РСК Банк» ААКсы – 0дөн 200 сомго чейин (чет өлкө валютасында 0дөн 500 сомго чейин);
9) Банк «Бай-Түшүм» ЖАК – 200 сом;
10) «Кыргыз-Швейцариялык Банк» ЖАК – 1000 сом;
11) Инвестициялык Банк «Чанг Ан» ААКсы – 250 сом.

Ал эми калган банктар аталган кызматты акысыз негизде сунушташкан.

- **Нак эмес акча которуулар**

*<u>Банктар аралык төлөм системалары боюнча төлөмдөрдү өткөрүү.</u>*

2016-жылдын 1- апрелине карата абал боюнча *<u>эсептешүүлөрдүн гросстук системасында</u>* которууларга тарифтер 2015-жылдын ушул эле мезгилиндегидей эле бир төлөм үчүн 90 сомдон 200 сомго чейин өзгөрүлүп турган. Эгерде кардарга төлөмдү саат 16:30 кийин жөнөтүү зарыл болсо, анда мындай кызмат көрсөтүүнүн наркы «Кыргызкоммерцбанк» ААКсында 1 100 сомду түзөт. 2016-жылдын отчеттук мезгил ичинде <u>клиринг системасы боюнча төлөмдөрдү</u> иргөө наркы 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу өзгөрбөстөн, бир төлөм үчүн 2 сомдон 70 сомго чейинки диапазондо өзгөрүлүп турган. «Кыргызкоммерцбанк» ААКсында кызматтын наркы бир төлөм үчүн 650 сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК «Интернет-банкинг» кызматы аркылуу клирингдик төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча кызматтарды төмөнкү тарифтер боюнча сунуштаган:

- 20 000 сомго чейинки сумма үчүн – 2 сом;
- 20 000,01ден 100 000 сомго чейинки суммалар үчүн – 15 сом;
- 100 000,01ден 500 000 сомго чейинки суммалар үчүн– 45 сом;
- 500 000,01ден 1 000 000 сомго чейинки суммалар үчүн – 60 сом.

Отчеттук мезгил ичинде *<u>тике дебеттөө</u>* боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төмөнкү 15 коммерциялык банк сунуштаган:

---

[1] *Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 7-октябрындагы № 61/1 токтомунун негизинде "Банк Компаньон" ЖАКка 2016-жылдын 11-январында улуттук жана чет өлкө валюталарында банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензиялар берилген.*

1) «Айыл банк» ААКсы – 0 сом;
2) РК «Аманбанк» ААКсы – 5 сом;
3) «Капитал Банк» ААКсы – 0 сом;
4) «Азия Банкы» ЖАК – 0 сом;
5) «Демир Кыргыз Интернешнл Банк» ЖАК – 0 сом;
6) «Дос-Кредобанк» ААКсы – 0 сом;
7) «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы – 5-100 сомго чейин;
8) «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК – 10 сом;
9) Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы – 10 сом;
10) «РСК Банк» ААКсы – 100 сом;
11) «Толубай Банк» ЖАК – 5 сом;
12) «Финанс Кредит Банк» ААКсы – 0 сом;
13) «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы – 20 сом;
14) «ЭкоИсламикБанк» ЖАК – 50 сом
15) Инвестициялык Банк «Чанг Ан» ААКсы – 10 сом.

Отчеттук мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 5 сомдон 100 сомго чейин өзгөрүлүп турган.

2016-жылдын отчеттук мезгил ичинде 2015-жылдын тиешелүү мезгилиндегидей эле коммерциялык банктар тарабынан «Интернет-банкинг» жана «Мобилдик банкинг» аттуу аралыкта банктык кызмат көрсөтүүлөр сунушталган.

Мобилдик банкинг

2016-жылдын I чейреги ичинде мындай кызмат көрсөтүүлөрдү төмөнкү алты коммерциялык банк сунуштаган:

1. «Оптима Банк» ААКсы – кызматка туташуу наркы – акысыз, бир ай үчүн абоненттик төлөмдүн наркы– 60 сом;
2. «БТА Банк» ЖАК - Элкарт ээлери үчүн СМС билдирүү сунушталат. Төлөм бир ай жана бир жыл үчүн абоненттик төлөм катары алынат:
   - коммерциялык уюмдар жана жеке адамдар үчүн айына – 50 сом, жылына – 500 сом;
   - бюджеттик уюмдар үчүн айына - 30 сом, жылына - 300 сом.
3. «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК – кызматка туташуу акысыз, бир ай үчүн абоненттик төлөмдүн наркы улуттук валютада – 60 сом, чет өлкө валютасында – 1,5 АКШ доллар;
4. «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы – айына 1 сомдон 50 сомго чейин;
5. «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы – айына 0-150 сомго чейин (бул кызматты филиалдар гана сунушташат);
6. «ЭкоИсламикБанк» ЖАК – айына 0-750 сомго чейин.

Интернет банкинг – интернет аркылуу банктык эсептен пайдалана алуунун ыңгайлуу жана заманбап ыкмасы.

Отчеттук мезгил ичинде “интернет-банкинг” кызматын «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы, «РСК Банк» ААКсы, АКБ «Толубай» ЖАК, «Экоисламикбанк» ЖАК, «ФИНКА Банк» ЖАК, «Компаньон Банкы» ЖАК жана Инвестициялык Банк «Чанг Ан» ААКсынан тышкары 18 коммерциялык банк сунуштаган. Отчеттук чейректе тарифтер 0-350 сомго чейин өзгөрүлүп турган. «Росинбанк» ААКсында аталган кызмат көрсөтүүнүн наркы 300 сомдон 1 000 сомго чейин, «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАКта – 0дөн 2000 сомго чейин, «ФинансКредитБанк» ААКсында – 0дөн 2700 сомго чейин, ал эми «Евразиялык Аманат Банк» ААКсында интернет банкинг кызматын каттоо наркы 500дөн 2000 сомго чейинкини түзгөн.

2016-жылдын 1-чейрегинде юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн улуттук жана чет өлкө валюталарында башка банктардын кардарларынын пайдасына нак эмес акча которууларга тарифтер суммага жараша орточо алганда 0, 08 пайыздан 0,25 пайызга чейин өзгөрүлүп турган.

2016-жылдын 1-чейрегинде *банк ичинде акча каражаттарды которуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү* бардык 25 коммерциялык банк сунуштаган. РК «Аманбанк» ААКсы, «Азия Банкы» ЖАК, «БТА Банк» ЖАК, «Дос–Кредобанк» ААксы, «Росинбанк» ААКсы, «ФинансКредитБанк» ААКсы сыяктуу банктарда которуулардын тарифтери 0-0,3 пайызга чейин өзгөрүлүп турган. «Кыргызкоммерцбанк» ААКсыда улуттук валютада бир которуу үчүн белгиленген чен 0-10 АКШ долларына чейин, чет өлкө валютасында 0-0,1 пайызга чейинкини түзгөн, «ДемирКыргызИнтернешнлБанк» ЖАКта улуттук валютада бир которуу үчүн белгиленген чен – 10 сомду, чет өлкө валютасында – 100 сомду түзгөн. Ошондой эле «РСК Банк» ААКсында жана «ЭкоИсламикБанк» ЖАКта улуттук жана чет өлкө валюталарында белгиленген чен 0-10 сомго чейинкини түзгөн. Ал эми калган банктар мындай кызматты акысыз сунушташкан.

*Эсеп ачуусуз акча которуулар.*

Кыргызстанда акча которуу системасы чоң суроо-талапка ээ. Бул системалардын негизги милдетинен болуп, дүйнөнүн кайсы болбосун жерине акчаны тез алуу/жөнөтүү мүмкүнчүлүгү саналат.

Өлкөнүн коммерциялык банктары тарабынан эл аралык акча которуу системасынын 14 түрү боюнча кызматтар сунушталган. 2016-жылдын отчеттук чейрегинде тарифтер системанын түрүнө жана акчанын суммасына жараша 0 пайыздан 7,0 пайызга чейин өзгөрүлүп турган. Мында, чет өлкөлөргө «Western Union» акча

которуу системасы боюнча төлөмдөрдү өткөрүүгө тарифтер «Толубай Банк» ЖАКта 0 пайыздан 22,0 пайызга чейин, ал эми «Капитал Банк» ААКсында – 4,0 пайыздан 26,0 пайызга чейин жеткен. Кытай жана Бириккен Араб Эмираттарына ушул эле система боюнча тарифтер «Толубай Банк» ЖАКта тиешелүүлүгүнө жараша 2,5 пайыздан 6,0 пайызга чейин жана 2,0 пайыздан 15,0 пайызга чейин өзгөрүлүп турган.

1-таблица. Акча которуулар боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо

| **№** | **Коммерциялык банктын аталышы** | **WESTERN UNION** | **MONEY GRAM** | **CONTACT** | **ЛИДЕР** | **UNI STREAM** | **InterExpress** | **BLIZKO** | **АНЕЛИК** | **CASPIAN** | **ЗОЛОТАЯ КОРОНА** | **FASTER** | **Салам** | **Xpress Money** | **БЭСТ** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Айыл банк» ААК | + | + | + | + | + | | | | | + | + | | | |
| 2 | «РК Аманбанк» ААК | + | + | + | + | + | | + | + | | + | | | | |
| 3 | «Оптима Банк» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | + | | | | |
| 4 | «Капитал Банк» ААК | + | | + | + | + | | + | + | + | + | + | + | | |
| 5 | «Азия Банкы» ЖАК | + | + | + | + | + | | + | + | + | + | + | | | |
| 6 | «Банк Бакай» ААК | + | + | + | | + | | | | | + | | | | |
| 7 | «ДКИБ» ЖАК | + | + | | | + | | | | | + | | | | |
| 8 | «Дос-Кредобанк» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | + | + | | | |
| 9 | «БТА Банк» ЖАК | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | | | |
| 10 | «Росинбанк» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | + | | | | |
| 11 | «Кыргызкоммерцбанк» ААК | + | | + | | | | | | | + | | | | |
| 12 | «КИКБ» ЖАК | + | | + | | + | | | | | + | | | | |
| 13 | «Кыргызкредит Банк» ААК | + | + | + | | + | | + | + | | + | | + | | |
| 14 | «КБ Кыргызстан» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | + | + | | | |
| 15 | Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы | + | | | | | | | | | | | | | |
| 16 | «РСК Банк» ААК | + | + | + | + | + | | | | | + | | | | |
| 17 | АКБ «Толубай» ЖАК | + | | + | + | + | | | | | + | | | | |
| 18 | «ФКБ КАБ» ААК | | + | + | + | + | | + | + | | + | + | + | + | |
| 19 | «Халык Банк Кыргызстан» ААК | + | + | | | + | | | | | + | | | | |
| 20 | «Экоисламикбанк» ЖАК | + | + | + | | + | + | | + | | + | | | | |
| 21 | «Бай-Түшүм» Банкы ЖАК | + | | + | + | + | | | + | | + | | | | + |
| 22 | «КШБ» ЖАК | | | + | | | | | + | | + | | | | |
| 23 | «ФИНКА Банк» ЖАК | | | + | | | | | | | | | | | |
| 24 | «Компаньон Банкы» ЖАК | | | | | | | | | | | | | | |
| 25 | «Чанг Ан Банк» ААК | | | | | | | | | | | | | | |
| | Кызматты сунуштаган банктардын жалпы саны | 20 | 15 | 20 | 13 | 19 | 2 | 10 | 9 | 3 | 21 | 7 | 3 | 1 | 1 |

Ошондой эле 2016-жылдын отчеттук мезгил ичинде банктар акча которуунун 14 локалдык системасын колдонгон:

| № | Коммерциялык банктын аталышы | Системанын аталышы |
|---|---|---|
| 1 | «Айыл Банк» ААКсы | Береке |
| 2 | РК «АМАНБАНК» ААКсы | Беркут |
| 3 | «Капитал Банк» ААКсы | CapitalTransfer, Береке |
| 4 | «Азия Банкы» ЖАК | Азия Экспресс |
| 5 | «БАКАЙ БАНК» ААКсы | Бакай - трансфер |
| 6 | «Дос-Кредобанк» ААКсы | Аманат, Береке |
| 7 | «БТА Банк» ЖАК | Транзит |
| 8 | «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК | Money Stream, Береке |
| 9 | «Евразия Аманат Банкы» ААКсы | Береке |
| 10 | «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКсы | Аргымак |
| 11 | «РСК Банк» ААКсы | Кыргызтрансфер |
| 12 | «Эко Исламик Банк» ЖАК | Экоперевод |
| 13 | Банк «Бай-Түшүм» ЖАК | Ылдам |
| 14 | «Кыргыз-Швейцариялык Банк» ЖАК | Береке |
| 15 | «ФИНКА Банк» ЖАК | Тулпар |
| 16 | «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы | Береке |
| 17 | «Компаньон Банкы» ЖАК | Бакай - трансфер, Биздин Компаньон |

2016-жылдын отчеттук мезгил ичинде «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК төлөм терминалдары аркылуу калкка кызмат көрсөтө баштаган:

- эсептешүү эсебин улуттук валютада толуктоо – 0 сом, чет өлкө валютасында – толукталган суммадан 0,25 пайызы;
- улуттук жана чет өлкө валюталарында карт боюнча эсепти толуктоо – 0 сом;
- улуттук жана чет өлкө валюталарында кредиттин ордун жабуу (эсептешүү эсебин толуктоо) – 0 сом.

2015-жылдын тиешелүү мезгилинде мындай кызмат көрсөтүүлөр сунушталган эмес.

- **Документардык операциялар**

Документардык операциялардын негизги түрлөрүнөн болуп *аккредитивдер*, *инкассо* жана *банктык гарантиялар* саналат.

Отчеттук мезгил ичинде *аккредитив берүү* боюнча кызматтарды 19 коммерциялык банк жүзөгө ашырган. 2016-жылы кызмат көрсөтүүнүн наркы суммага жараша орточо алганда 0,15 пайыздан 2 пайызга чейин жана 2015-жылы 0,1 пайыздан 2 пайызга чейин түзгөн.

*Аккредитивди тастыктоо* кызматына тарифтер, негизинен тараптардын макулдашуусу боюнча алынган, айрым банктарда ал 0,1 пайыздан 0,3 пайызга чейин түптөлгөн. «Бакай Банк» ААКсында тарифтер 2500 сомду түзгөн.

Банктар тарабынан *гарантия берүү* кызматынын тарифтери бүтүмдүн суммасына жараша 0,1 пайыздан 8 пайызга чейин жетип турган же чейрек ичинде бир жолу гарантиянын суммасына жараша алынган.

- **Жол чектери менен операциялар**

Отчеттук мезгил ичинде Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы жол чектери менен ишке ашырылган операцияларды сунуштаган. Чек аркылуу нак акча каражаттарын сунуштоо боюнча кызмат көрсөтүүнүн наркы сумманын 3 пайызын түзгөн, ал эми минималдуу комиссия 75 АКШ долларында белгиленген.

- **Банктык төлөм карттарды тейлөө**

Отчеттук чейрек ичинде эмиссия, эквайринг жана кардарларды төлөм карттары боюнча эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү «ФИНКА Банк» ЖАК, «Компаньон Банк» ЖАК, Инвестициялык Банк «Чанг Ан» ААКсынан тышкары, бардык коммерциялык банктар сунуштаган.

<u>«Элкарт» улуттук төлөм системасынын</u> карты боюнча төмөнкү коммерциялык банктардан тышкары, 18 банк сунуштаган:

- «Оптима Банк» ААКсы;
- «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы;
- «РСК Банк» ААКсы;
- «ФИНКА Банк» ЖАК;
- «Компаньон Банк» ЖАК;
- Инвестициялык Банк «Чанг Ан» ААКсы.

Банктар «Элкарт» картын колдонуу үчүн эсептерди акысыз түрдө ачкан, бир гана «Айылбанк» ААКсы - 100 сом, «ФинансКредитБанк» ААКсы - 90 сом, «Эко Исламик Банк» ААКсы – 200 сом алган.

АКБ «Толубай» ЖАКта өзгөчө дизайны менен «Элкарт» картын берүү 280-350 сомду түзгөн. «Элкарт» банктык төлөм карттын өзгөчөлүгү болуп социалдык долбоорлорду ишке киргизүүдө анын жеткиликтүүлүгү, ошондой эле банкомат жана терминал түйүнүнүн кеңири инфраструктурасы саналат.

2-таблица. Банктардын «Элкарт» картын тейлөө боюнча тарифтери

| № | Коммерциялык банктын аталышы | Эсепти ачуу | Карт берүү | Нак акчаларды берүү (суммадан % ) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Айыл банк» ААКсы | 0-100 сом | 0-100 сом<br>ж/т* - 100 сом | 0-0,6% |
| 2 | РК «Аманбанк» ААКсы | акысыз | акысыз | 0,35-0,6% |
| 3 | «Капитал Банк» ААКсы | акысыз | 100-150 сом<br>ж/т* - 100-200 сом | 0,3-0,6% |
| 4 | «Азия Банкы» ЖАК | акысыз | 0-150 сом | 0-0,6% |
| 5 | «Банк Бакай» ААКсы | акысыз | акысыз | 0,3-0,6% |
| 6 | «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК | | | 0-0,5% |
| 7 | «Дос-Кредобанк» ААКсы | акысыз | акысыз<br>ж/т* - 120 сом | 0,2-0,6% |
| 8 | «БТА Банк» ЖАК | акысыз | 0-120 сом<br>ж/т* - 0-150 сом | 0-0,6% |
| 9 | «Росинбанк» ААКсы | акысыз | акысыз<br>ж/т* - 0-100 сом | 0-0,6% |
| 10 | «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК | акысыз | акысыз | 0-0,6% |
| 11 | «Евразия Аманат Банкы» ААКсы | акысыз | 150 сом | 0-0,6% |
| 12 | «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы | акысыз | акысыз<br>ж/т* - 100-200 сом | 0,4-0,6% |
| 13 | Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы | акысыз | 70 сом (картты тез берүү - 500 сом) | 0-0,6% |
| 14 | АКБ «Толубай» ЖАК | акысыз | 120 сом (өзгөчө дизайны үчүн 280-350 сом )<br>ж/т* - 100 сом | 0,3-0,6% |
| 15 | «ФинансКредитБанк КАБ» ААКсы | 90 сом | акысыз<br>ж/т* - 100 сом | 0-0,6% |
| 16 | «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы | акысыз | 100 - 150 сом | 0-0,6% |
| 17 | «ЭкоисламикБанк» ЖАК | 200 сом | 200 сом | 0-0,6% |
| 18 | Банк «Бай Түшүм» ЖАК | акысыз | акысыз | 0-0,5% |
| 19 | «Кыргыз-Швейцариялык Банкы» ЖАК | акысыз | 90 сом<br>ж/т* - 100 сом | 0,2-0,5% |

*жылдык тейлөөгө алгандыгы үчүн комиссия

«Айыл Банк» ААКсы, «Азия Банкы» ЖАК, «Бакай Банк» ААКсы, «Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банк» ЖАК, «Дос-Кредо банк» ААКсы, «ФинансКредит Банк» ААКсы жана Банк «Бай-Түшүм» ЖАК сыяктуу банктар тарабынан банкоматтардын биргелешкен түйүнү түзүлгөн, анын алкагында «Элкарт» карттары боюнча нак акчага айландыруу акысыз негизде жүзөгө ашырылган.

«Visa» «MasterCard» жана “Union Pay” эл аралык төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 2016-жылдын 1-чейрегинде төмөнкү 13 коммерциялык банк сунуштаган, мында, «Росинбанк» ААКсы «Union Pay» кытай төлөм системасынын төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө ишин уланткан.

3-таблица. Эл аралык төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо

| № | Коммерциялык банк | Эсепти ачуу | Картты берүү (чыгаруу) | Нак алуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | РК «Аманбанк» ААКсы | Акысыз | Master Card-акысыз; жылдык тейлөө үчүн комиссия - MasterCard - 200 сом, 4 USD, 2 EUR. | 0-2,0% |
| 2 | «Оптима Банк» ААКсы | Акысыз | Карттардын түрлөрүнө жараша VISA – 0-50 АКШ долл. чейин (карттын түрүнө жараша камсыздандыруу депозит – 0-100 АКШ долл.; жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-38 000 сом) | 0-0,7% |
| 3 | «Азия Банкы» ЖАК | Акысыз | VISA International – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-2000 сом; 0-20 USD) | 0-1,0% |
| 4 | «Бакай Банк» ААКсы | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5-99 АКШ долл.) | 0,7-1,25% |
| 5 | «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold, Platinum –акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-5000 сом) | 0,0-2,0% |
| 6 | «БТА Банк» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5 -120 АКШ долл.) | 0,5-1,25% |
| 7 | «Росинбанк» ААКсы | Акысыз | VISA, Union Pay – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия: VISA – 0-20000 сом, Union Pay - 200-1000 сом) | Visa - 0,5-1,0 %, UnionPay - 0,5-2,0% |
| 8 | «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы | Акысыз | Карттардын түрлөрүнө жараша VISA/MasterCard – 3-100 АКШ долл. чейин (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5-130 АКШ долл.) | VISA/Master Card 0,5-1,5% |
| 9 | «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-70 АКШ долл.) | 0,5-1,5% |
| 10 | «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы | Акысыз | VISA – 0-400 сом, Master Card - 0-600 сом (жылдык тейлөө үчүн комиссия VISA 100-1200 сом) | VISA – 0,4-1,0%, Master Card - 0,4 - 1,5% |
| 11 | «РСК Банк» ААКсы | 0-2500 сом | VISA (бардык түрлөрү) – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-4000 сом) Master Card - акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-2000 сом) | VISA/ Master Card 0,5-1% |
| 12 | «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-11830 сом) | 0,3-1,4% |
| 13 | Банк «Бай Түшүм» ЖАК | Акысыз | Visa - акысыз (Карттардын түрлөрүнө жараша жылдык тейлөө үчүн комиссия Visa - 0 до 1000 сом) | 0,4 - 1,4% |

«Золотая Корона» системасы боюнча төмөнкү 4 коммерциялык банк иш алып барган: «Аманбанк» ААКсы, «Эко Исламик Банк» ЖАК, «РСК Банк» ААКсы, «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы. Бул система боюнча эсепти ачуу жана картты берүү боюнча тарифтер 0-500 сомго чейинкини түзгөн. Нак акчага айландыруу боюнча тарифтер 0дөн 1,5 пайызга чейин өзгөрүлүп турган.

- **Депозиттер боюнча операциялар**

*Юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн депозиттер боюнча пайыздык чендер.*

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктар мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерге калктын (юридикалык жактардын жана жеке адамдардын) аманаттарын кабыл алган:

*Юридикалык жактар үчүн:*

- талап боюнча төлөнүүчү депозиттер орточо алганда улуттук валютада 0дөн 13,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0 – 0,5 пайызга чейин өзгөрүлүп турган (2015-жылдын ушул эле мезгилинде улуттук валютада 0-2,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0-1,0 пайызга чейин);
- улуттук валютада 3 – 6 айга чейинки депозиттер 2,5 пайыздан 15 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0-8,0 пайызга чейин өзгөрүлүп турган (2015-жылы тиешелүүлүгүнө жараша 2-15% жана 0,6-12%);
- улуттук валютада 6 – 12 айга чейинки депозиттер 4 пайыздан 15 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0-10,21 пайызга чейин өзгөрүлүп турган (2015-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 2,5- 15% жана 1,0-12,5%);
- 12 айдан жогору улуттук валютадагы депозиттер 7,0 пайыздан 20,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0-15,31 пайызга чейинкини түзгөн (2015-жылдын ушул эле мезгил ичинде улуттук валютада 2,5 пайыздан 17,45 пайызга чейин жана чет өлкө валютасында 1,0 пайыздан 16,33 пайызга чейин).

Жеке адамдар үчүн:

- талап боюнча төлөнүүчү депозиттер улуттук валютада 0-5,0 пайызга чейин жана чет өлкө валютасында 0-2,0 пайызга чейин өзгөрүлүп турган (2015-жылдын ушул эле мезгил ичинде улуттук жана чет өлкө валютасында 0-5,0 пайызга чейин);
- улуттук валютадагы 3 – 6 айга чейинки депозиттер 0дөн 15,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0дөн 8,0 пайызга чейин өзгөрүп турган ( 2015-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 3,0 -

15,0 пайызга жана 0,7 – 12,0 пайызга чейин өзгөрүп турган);

- улуттук валютадагы 6 – 12 айга чейинки депозиттер 0,5 пайыздан 16,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0дөн 11,0 пайызга чейин өзгөрүп турган (2015-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 3,0 -15,0 пайызга жана 1,0-12,5пайызга чейин өзгөрүп турган);
- улуттук валютадагы 12 айдан жогору депозиттер 0,5 пайыздан 20,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0дөн 15,31 пайызга чейинкини (2015-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 2,5-17 пайыз жана 1,0- 16,3 пайыз) түзгөн.

- **Кредиттер боюнча операциялар**

*Кредиттер боюнча пайыздык чендер (жылдык эсептөөдө).*

Отчеттук мезгил ичинде кредиттерди берүү боюнча 25 коммерциялык банк иш алып барган. «ЭкоИсламикБанк» ЖАК ислам принциптери боюнча каржылоону жүзөгө ашырган.

Банктар тарабынан кредитти берүү жана кредиттик линияны ачуу үчүн комиссия кредиттин суммасынан 0дөн 2,0 пайызга чейинки деңгээлде белгиленген. Мында, айрым банктарда кредитти пролонгациялоо үчүн комиссия 5 пайызга чейинкини түзгөн.

Кредиттин түрлөрү боюнча пайыздык чендер төмөнкү диапазондордо өзгөрүлүп турган:

- улуттук валютада ипотекалык кредиттөө 12,0 пайыздан 35,0 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 12,0 пайыздан 25 пайызга чейин (2015-жылдын ушул эле мезгилинде улуттук валютада 16,0 пайыздан 35 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 12 пайыздан 28 пайызга чейин) өзгөрүп турган.
- улуттук валютада керектөө кредиттери жылдык 15,0 пайыздан 35,37 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 12,0 пайыздан 35,54 пайызга чейинкини түзгөн (2015-жылдын ушул эле мезгилинде улуттук валютада 16,0 пайыздан 36,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 12,0 пайыздан 36,0 пайызга чейин).
- бизнести өнүктүрүүгө кредиттөө – улуттук валютада жылдык 9 пайыздан 35,37 пайызга чейин, чет өлкө валютасында жылдык 12,0 пайыздан 32,5 пайызга чейин катталган (2015-жылдын ушул эле мезгилинде улуттук валютада 10,0 пайыздан 36,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 10,0 пайыздан 32,0 пайызга чейинкини түзгөн).

Ислам принциптери боюнча каржылоонун алкагында, «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын ипотекалык кредиттөөгө берилген кредиттердин үстөк баасы улуттук валютада 2,3 – 94,1 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 1,7 – 65,7 пайызга чейинкини түзгөн, ошол эле учурда керектөө кредиттери боюнча - 2,9 – 40,4 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 2,4 – 33 пайызга чейин катталган. Банк отчеттук мезгил ичинде бизнести өнүктүрүүгө кредиттерди да сунуштаган, ал боюнча пайыздык чендер улуттук валютада 2,9 – 62,8 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 1,8 – 37,5 пайызга чейин өзгөрүлүп турган.

2016-жылдын отчеттук мезгил ичинде ипотекалык кредиттерди кошо алганда, курулушка жана турак жай сатып алууга кредиттерди 14 коммерциялык банк сунуштаган. Керектөө кредиттерди 21 банк, бизнести өнүктүрүү үчүн кредиттерди 25 банк сунуштаган.